DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2020

*Нукешов С.Т.*

# БОЛОЧОК БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН МУГАЛИМДЕРИНИН МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМДЕРИН ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

*Нукешов С.Т.*

# ПУТИ ПОВЫШЕНИЯ МАТЕМАТИЧЕСКИХ ЗНАНИЙ У БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

*S.T. Nukeshov*

# WAYS TO IMPROVE MATHEMATICAL KNOWLEDGE IN FUTURE ELEMENTARY GRADES

*УДК: 371.3: 53.*

*Бул макалада болочок башталгыч класстын мугалимдеринин математикалык билимдерин өркүндөтүүдө окутуучунун иш аракеттери жана мүмкүнчүлүктөрү бүгүнкү күндө актуалдуу экендигин каралат. Макаланын негизги өзөгүн башталгыч класстарда математика боюнча предметтик стандарттын 2015-жылы чыккан долбоору түзөт. Негизинен болочок башталгыч класстын мугалимдери ар тараптан даярдалган кесипкөй инсан болуп чыгышы үчүн жогорку окуу жайда окутуучу менен студенттердин иш алып баруу мүмкүнчүлүктөрү маселеси актуалдуулугун жоготпойт. Адистикти даярдоодо окутуучунун иш аракетинин сапаттары каралууга тийиш экендигин айтылган. Бул айтылгандарды ишке ашырууда окутуучу математика предметинин мазмунунда карала турган маселелерге көңүлдүн борборун буруу керектиги каралды. Студенттерди кесиптик жактан даярдоо үчүн сапатты өнүктүрүү проблемалары, ошондой эле математиканы окутуунун методикасы менен предметтик байланыштарды өркүндөтүүгө сунуштар берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *кесип, билим берүү, математикалык даярдык, предметтик стандарт, предметтик байланыш, болочок мугалим, математикалык билим.*

*В этой статье рассматривается актуальность работы и возможностей преподавателя для развития математических знаний будущих учителей начальной школы, на сегодняшний день. Основное внимание в статье уделяется материалам предметного стандарта по математике начальных классов 2015 года, опубликованным в начальной школе. Чтобы учителя начальных классов были всесторонне развитыми профессионалами, вопрос о взаимодействии преподавателя и студента не теряет своей актуальности. При подготовке профиля должно оцениваться качество работы преподавателя. Для реализации этих задач преподаватель должен обращать основное внимание на содержание предмета. Для методической подготовки студентов были даны рекомендации по улучшению предметных связей с методикой преподавания математики. Статья открывает путь для исследований, молодым соискателям по педагогике начальной школы.*

***Ключевые слова:*** *профессия, образование, математическая подготовка, предметный стандарт, предметная связь, будущий учитель, математическое образование.*

*This article discusses the relevance of the work and opportunities of the teacher for the development of mathematical knowledge of future primary school teachers, today. The article focuses on the materials of the subject standard for primary school mathematics in 2015, published in primary schools. In order for primary school teachers to be fully developed professionals, the issue of teacher-student interaction does not lose its relevance. When preparing a profile, the quality of the teacher's work should be evaluated. To implement these tasks, the teacher must pay special attention to the content of the subject. For the methodological training of students, recommendations were given to improve the subject relations with the methodology of teaching mathematics, and to set goals for the development of quality. The article opens the way for research.*

***Key words:*** *profession, education, mathematical training, subject standard, subject connection, future teacher, mathematical education.*

Билим берүүнүн жана үйрөнүүнүн сапаты окутуучунун сапаты менен байланыштуу. Негизинен окутуу жана үйрөтүү процессинде негизги фактор бул окутуучу. Сапаттуу окутуу жана үйрөтүү жогорку сапаттагы окутуучулар аркылуу ишке ашат. “Башталгыч билим берүү адистигинин студенттеринин мектеп курсунда математикалык билимдерин актуалдаштыруу жана болочок мугалимдердин кесиптик методикалык жактан даярдыгын ишке ашыруу” бул ЖОЖдогу башталгыч класстардын адистигинде өтүлүүчү математикалык дисциплиналардагы жалпы максаттары.

Илимий булактарда окутуучулардын инсандык жана кесиптик сапаттары тууралуу абдан көп өзгөчөлүктөр жазылган. Жогорудагы белгиленген окутууга байланыштуу негиздер окутуучунун иш аракеттери

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



аркылуу ишке ашыралат.

Биз болочок башталгыч класстын мугалимдеринин математикалык билимдерин өркүндөтүүдө окутуучунун иш аракеттери жана мүмкүнчүлүктөрү бүгүнкү күндө актуалдуу экендигин карайбыз.

Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан даярдалган Башталгыч класстарда математика боюнча предметтик стандартынын долбоорундагы ***4.1. бөлүмүндө Окуу процессин адистер менен камсыздоо боюнча*** "Башталгыч билим берүү программасы атайын орто же жогорку билими бар, «Башталгыч класстардын мугалими» деген квалификацияга ээ болгон педагогикалык кадрлар аркылуу жүзөгө ашырылуусу тийиш" - деп жазылат [3].

Демек, адистикти даярдоодо окутуучунун иш аракетинин сапаттары каралууга тий экендигин айтылган. Бул айтылгандарды ишке ашырууда окутуучу математика предметинин мазмунунда карала турган төмөндөгүдөй маселелерге көнүлдүн борборун буруу керек:

- болочок адисти китеп менен иштөөгө үйрөтүү. Ал үчүн китептеги берилген материалдарды өздөрүнө окутуп, талкуулашкандан кийин, сунуштарын угуп, андан кийин гана мугалим жалпылоого өтүүсү керек;
- математикалык билимдерди эрежелерин китептен тыкандык менен окутуп, аларды мугалимдин тилинде түшүндүрүп берүүнү талап кылуу;
- болочок адистерди амалдардын теориялык негиздери менен аткарылыш алгоритмдерин так түшүндүрүп берүүгө көндүрүү;
- эрежелер, үлгүлөр менен иштөөгө жана практикада педагогикалык ыкмаларды кеңири колдоно билүүгө үйрөтүү;
- сабакта колдонулган китептерден сырткары математикалык адабияттар менен тааныштыруу жана ошол эле убакта окуу китебин максатка ылайык пайдаланууга үйрөтүү;
- математика сабагынын спецификасына байланыштуу стандарттуу эмес деп аталган сабактардын билим берүүчүлүк жана өнүктүрүүчүлүк сапаттарына көңүл буруу, аларды окуу процессинин жүрүшүндө кеңири пайдалануу [2].

Окутуучунун иш жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүн арттыруунун дагы бир негизги максатын карап көрөлү.

- болочок башталгыч класстын мугалимдерине этияттык менен мамиле жасоо,
- окуу аракеттерине жана адистикке аларды акырындык менен психологиялык жактан көндүрүү эсептелет.

Билим берүү чөйрөсүндө башталгыч билим берүүнүн ээлеген орду, окуу процессинде колдонулуучу усулдар, технологиялар, баалоонун усулдары жана предмет аралык байланыштар, окуу чөйрөсүн уюштуруу ишмердүүлүктөрү булар башталгыч класстын мугалиминин негизги компетентүүлүктөрүнүн бири болуп саналат.

Эми биз математика предметинин компетентүүлүгүнө токтололу. Математика предметин окутууда эки түрдүү компетенттүүлүк каралат негизги жана предметтик.

**Негизги компетенттүүлүктөр**. Алар «Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты» (КР Өкмөтүнүн 21.07.14. №403-токтому) тарабынан аныкталып, алардын калыптанышынын үч деңгээли

**Негизги компетенттүүлүктүн түрлөрү:**

1) Маалыматтык компетенттүүлүк.

2) Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк.

3) Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрүн чечүү компетенттүүлүгү.

**Алардын калыптанышынын үч деңгээли:**

1) биринчи деңгээл (репродукдивдик) окуучулардын үлгүлөрдү (аракеттерди аткаруунун дайындалган алгоритми) жолдой билиши менен мүнөздөлөт;

2) экинчи деңгээл (продукдивдик) курамы боюнча жөнөкөй иштерди аткаруу, ишмердиктин өздөштүрүлгөн алгоритмин башка кырдаалдарда колдонуу жөндөмү менен мүнөздөлөт;

3) үчүнчү деңгээл (креативдик) өз алдынча конструкциялоо жана негиздөө элементтери менен татаал курамдагы ишмердикти жүзөгө ашырууну түшүндүрөт [3].

Окутуучунун дагы бир иш аракетине тиешелүү сапатты карай кетели. Бул окутуучунун предмет аралык байланышты өздөштүрө билүү мүмкүнчүлүгү болуп саналат.

Окутуунун натыйжасы катары мамлекеттик стандарт негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууну аныктайт. Ал эми негизги компетенттүүлүк конкреттүү предметтердин мазмунуна түзүлсө, социалдык тажрыйбасына таянган билим берүү болуп саналат. Жаңы стандартта инсанга багытталган окуу чөйрөсүн уюштурабыз. Окуучунун өз алдынча изденүүгө, өз алдынча ишке, өз алдынча ачылыштарга багыты камсыз кылынат. Азыркы мезгилде инсанга багытталган окууда мугалим билимдин булагы катары эмес, жетекчи фасилитатор катары болот [1].

Окутууда жаңыча мамилеге суроо-талаптардын болуп жатканы талашсыз. Азыркы талаптар менен төмөндөгүлөргө жетишүүнү көздөшүбүз керек:

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



- башталгыч класстагы ар бир окуучунун инсандыгын өнүктүрүү максатында анын бүтүндөй ички дүйнөсүнүн байлыгын жана жеке социалдык тажрыйбасын эске алуу менен, окуучулардын аң-сезимдүү жана активдүү билим алуусуна багытталган окуу – таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюштурууга жардам бере ала турган адисти даярдоону;

- студенттерди өзүнүн окуусуна жоопкерчиликтүү караганга, таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө болгон умтулуусуна жана кесиптик өсүп-өнүгүүсүнө жардам берүүнү;

- Ошону менен катар, окутуучу кесиптик ишмердүүлүгүндө предмет аралык байланыштарды өздөштүрүүчүлүк жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнү.

1. Предмет аралык байланыштар негизинен математиканы турмуш менен тыгыз байланыштыруу, материалдардын практикалык маанисин ачып көрсөтүү, студенттердин математикалык билимдеринин жана билгичтиктеринин системасын формалдуу эмес өздөштүрүү менен жашоодо колдоно алуусуна өбөлгө түзөт. Өзүнө жогорку талаптарды кою керек экендиги жөнүндө аң-сезимдүү түшүнүүсү;

2. Ишинде өздүк стилинин болушу, кыйынчылыктарды жеңе билгичтиги, өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын талкууга коюу жана андан жыйынтыктарды чыгаруу, демилгелүүлүк [4].

1-4-класстарда окуучулар ээ болууга тийиш болгон математикалык компетенттүүлүктөрү башка предметтер (мекен таануу, сүрөт, көркөм өнөр, эмгекке үйрөнүү) үчүн негиз түзөт [3].

Геометриялык фигуралардын периметрин жана аянттарын табуу, чоңдуктардын чен бирдиктеринин байланышы, сандын, буюмдун бөлүгү менен амалдарды аткаруу компетенттүүлүгү кенже окуучуларды келечекте жашоодо өз билимин, билгичтигин курулуш тармагында колдонууга даярдайт.

Сандарды оозеки атоо жана жазуу, арифметикалык амалдарды жүргүзүү билгичтиктери башталгыч класстарда калыптанып, мектептин кийинки звенолорунда лабораториялык иштерди аткарууда, эсептөөгө берилген маселелерди чыгарууда кеңири колдонулат [2].

Туюнтмалардын маанилерин эсептөөдө, ошондой эле алардын жыйынтыгын табууда амалдартын аткаруу тартибин колдонуусу, теңдемелерди чыгаруу алгоритми жана программалаштыруу сыяктуу негизги түшүнүктөрдү өздөштүрүүгө даярдайт. Жогорудагылар окуучулардын компетентүүлүгүндө берилген. Ал эми студенттер үчүн ыңгайлаштыруу методикалары окутуучунун иш аракетине көз каранды экендиги актуалдуу боюнча калат.

**Адабияттар:**


1. Бекбоев И. «Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. - Бишкек, 2011.
2. Башталгыч класстарда математика боюнча предметтик стандарт. - Бишкек, 2015.
3. Бекбоев И.Б., Аттокурова Ч.А. Математиканы окутуу. 1-4 кл. - Бишкек, 2016.
4. Төрөгелдиева К.М. Келечектеги математика мугалимдерин даярдоо системасын моделдештирүү. - Бишкек, 2007.